| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА |
|---|---|---|

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XIV сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 14/6

2023-жылдын 22-ноябры, Ылай-Талаа айылы

**Жылкол айылына караштуу Ак-Пор участкасынын жашоочуларынын жашоо шартын жакшыртуу, жеткиликтүү электр энергиясы, ичүүчү суу жана үлүш, огород жерлерин сугат суу менен камсыз кылуу үчүн долбоордун өздүк салымын айыл өкмөтүнүн бюджетинен карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна -"Айылдык кеңештин компетенциясы жөнүндө" беренесинин, "Жергиликтүү бюджетти жана аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндөгү" Мыйзамынын 32-беренесинин 2 - "Тиешелүү аймактын социалдык-маданий инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү жөнүндөгү" бөлүмчөлөрүн жетекчиликке алып Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Жылкол айылына караштуу Ак-Пор участкасынын жашоочуларынын жашоо шартын жакшыртуу, жеткиликтүү электр энергиясы, ичүүчү суу жана үлүш, огород жерлерин сугат суу менен камсыз кылуу үчүн Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджетинин эсебинен **60 000 ( алтымыш миң )** сом акча каражатын өздүк салымдан төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы О.Мамасали кызына милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Айтбаев**